УДК 82.0

Кенжешев К.Д.

*К.Карасаев атындагы БГУ*

# ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА ОБЗОРДУК ЛЕКЦИЯНЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК, ТАРЫХЫЙ НЕГИЗДЕ ӨТҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

Адабияттын тарыхын үйрөнүү курсу адабияттык окуу курсуна  караганда өзүнүн алдына койгон милдети, максаты, окутуудагы спецификалык өзгөчөлүктөрү боюнча кескин түрдө айырмаланып турат. Тагыраак айтканда, көркөм чыгармаларды тарыхый-адабий негизде үйрөнүүнүн системалуу курсу адабиятты окутуунун төмөнкү эки этабынан бөтөнчөлөнүп, адабияттын “турмуш менен байланыштуулук принцибин жетекчиликке алып, окутула турган чыгармалардын эстетикалык жана нравалык касиеттерине өзгөчө көңүл буруучу ыңгайлашат. Мугалим орто мектептин жогорку класстарында адабияттын тарыхын окутууга келгенде, баарыдан мурун, бул курстун буга чейинки адабиятты окутуунун этаптарынан (V-IX класстардагы адабият сабагынан) кандайдыр бир деңгээлде айырмаланаары, сабактын уюштурулушунда жана жүрүшүндө методикалык айырмачылыктар бар экендигин сезиши керек жана ошол багытта айрым усулдук, ыкмалык бөтөнчөлүктөрдү аңдаштыруу менен мамиле кылышы зарыл. Баарыдан мурда, мында көркөм чыгарманын өзүн эмес, ошол чыгарманын  же андай чыгармалардын адабияттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин, өсүп-өнүгүшүндө болгон татаал, карама-каршылыктуу жагдайларын, көркөм дөөлөт катары калыптандыруудагы ролун, дегинкиси, ошондой чыгармалардын ордун адабияттын тарыхы менен бирдикте караштыруу милдети мугалимдин алдына коюлат. Улуттук адабияттын алкагында ийгиликке жетишкен чыгармалардагы көркөм дөөлөттүн ордун жалпы адамзаттык деңгээлдеги адеп-ахлактык таалим-тарбия берүүчүлүк критерийлер менен айкалыштыра окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдин алдына адабияттын тарыхынан үйрөтүү курсунда жаңы милдеттер кошулат. Бул жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде өтүүдө даана көрүнөт.

Эгерде адабияттык окуу курсунда негизги максат көркөм чыгарманын текстин үйрөнүү жана ага адабий талдоо жүргүзүү болуп эсептелсе, адабияттын тарыхын үйрөнүү курсунда ал максаттар кыйла тереңдейт, б.а., адабиятты окутуунун үчүнчү этабында (окуу программасында ушундай берилет) көркөм чыгарманы талдоо, алардын  ар биринин көркөмдүк жана идеялык багытын туура жана жеткиликтүү түшүнүү менен бирге адабияттын өсүү жолун, этаптык өнүгүшүн, адабияттын тарыхынын калыптанышын жана тигил же бул коомдогу ролун ачып көрсөтүү милдет-максаты да мугалимге артылат.

Учурунда адабияттын системалуу курсунда (адабияттын тарыхын үйрөнүү курсу айрым илимий эмгектерде дал ушундай аталат), б.а., жогорку класстарда адабият сабагын окутуу маселелерине терең маани берип изилдеген методист окумуштуу, академик В.В.Голубков бул маселе боюнча төмөнкүдөй пикирин билдирет: “Литература в старших классах должна быть одновременно “человековедением” и средством морально-эстетического воспитания”. Чындыгында, бул ой-пикир В.В.Голубков тарабынан бекеринен айтылган эмес, тагыраак айтканда, адабиятты окутуу маселелерин ар тараптуу изилдеген академиктин мындай көз карашка ээ болушу көп жылдык тажрыйбадан, педагогикалык-психологиялык татаал кырдаалдарды талдап үйрөнүүдөн келип чыкканы талашсыз. Ал эми мындай ой-пикирдин туура экендигин далилдеп, көп жылдык окуу программаларынын, ошондой эле окутуу процесстеринин жүрүш процесстерин жыйнтыктап, бүгүнкү күндө окуу программасы ар бир мезгилдин алдына төмөнкүдөй милдеттерди коюуда. Маселен, адабияттын системалуу курсун окутууга багытталган “адабий обзорлордо ошол мезгилдик тилкенин социалдык-тарыхый өзгөчөлүгүн, учурдун

коомдук-саясий, рухий-эстетикалык таламдарынын адабий көркөм процессинин мүнөздүү касиеттерин” так, таасын ачып берүүсү зарыл. Бул – адабияттын тарыхын үйрөнүү максаттарынын биринчиси. Экинчиден, коммунисттик идеологиянын таасиринен, тапчыл кысым аракеттеринен улам адабияттын белгилүү бир этаптары, айрым сүрөткерлердин өмүр таржымалдары, кээ бир көркөм чыгармалар бурмалангандыгы белгилүү. Бүгүнкү күндө көркөм чыгармачылыкка карата мамиленин өзгөрүшү, көркөмдүк-эстетикалык дөөлөттөрдүн саясий көз караштан көтөрүлүшү жалпы эле чыгармачылыкка, анын ичинде адабияттын тарыхына да терең маани берип, кыргыз адабияты басып өткөн тарыхый жолду адабиятты окутуунун системалуу курсу улам кийинки муунга ырааттуу жана ар тараптуу жеткирүүгө милдеттендирүүдө.

Үчүнчүдөн, жогорку класстарда адабияттын системалуу курсун окутуу төмөнкү класстардагы адабияттык окуудан айырмаланып адам менен коомдун өз ара катышын терең таанып билүүгө жол ачат. Тагыраак айтканда, жогорку класстын окуучулары адабияттын тарыхын окуп-үйрөнүү менен бирге адабияттын баскан жолун, тарыхын толук үйрөнүшүп, ошол мезгилде жашаган сүрөткерлердин көркөм чыгармаларын, коомго карата көз караштарын, дүйнө таанымын аңдаштырышат. Бул жерде мезгилдин алдына дагы бир максат-милдет коюлат, б.а., ал окуучуларды адабият жана анын системалуу курсу аркылуу турмушту терең таанып-билүүгө үйрөтүү менен бирге жашоого карата дүйнө таанымын калыптандырууга милдеттендирет.

Жогорку класстарда окуучулар адабияттын тарыхын окуп-үйрөнүүдө адабияттын бир нече кылымдап басып өткөн жолу менен таанышышат. Ошол доорлорду, ошол доордун белгилүү этаптарындагы сүрөткерлердин көркөм дүйнөсүн аңдаштырышат жана алардын өмүр жолу, чыгармачылыгы, көркөм чыгармалары аркылуу айрым сүрөткерлердин коомго болгон көз карашын билишет, ошондой эле сүрөткер коомдун жана коомдо жашаган адамдардын кайсы тарабын сүрөттөп, кайсы артыкчылыктарга ээ болуп, кандай ийгиликтерди жаратып, кандай кемчиликтерди кетиреерин толук өздөштүрүүгө жетишишет. Айтканга оңой болгону менен, мындай максат-милдеттер мугалимге оорчулук түзбөй койбойт.

Адабияттын системалуу курсун окутуу же адабиятты тарыхый-адабий негизде окуу мындай максат-милдеттерден тышкары айрым проблемаларды да ичине алат. Маселен, андай проблемаларга адабияттын жанрлары, көркөм образ маселеси, мүнөз ж.б. кирет. Тагыраак айтканда, адабияттын системалуу курсу аркылуу окуучулар сүрөткерлердин турмушту сүрөттөө чеберчилигин, көркөм образ түзүү бөтөнчүлүгүн, коомго, жашоо-тиричиликке карата мамилесин да биле алышат. Адабияттык окуу этабында окуучулар өздөрүнүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайык ар түркүн көркөм чыгарманын негизинде адам мүнөзү тууралуу бир жактуу элестөөлөргө туш келет. Ошонун чегинде аракет ойлорго кабылган болсо, адабияттын системалуу курсунда акырындап көркөм дүйнөнүн сырларын өздөштүрүп, адабиятты примитивдүү кабыл алуудан адам жөнүндө көп тармактуу билимге ээ болууга жетишет. Ырас, мындай билим окуучуларда өзүнөн-өзү пайда болбостон, мугалимден көптөгөн методикалык чеберчиликти талап кылуу менен ишке ашат.

Маселен, кыргыз адабиятында мындай проблемаларга байланышкан көрүнүштөр адабияттын тарыхын үйрөнүү курсунда элдик оозеки чыгармачылыктан, байыркы жана орто кылымдагы жазма адабияттан, совет мезгилинде пайда болгон XX кылымдагы жазма адабияттын 20-жылдардагы жана андан кийинки этаптарынан да ачык-айкын көрүнөт. Өзгөчө, ошол адабияттардын ар биринин өсүп-өнүгүшүндө жаралган жанрларды бирин экинчисинен айырмалап үйрөнүүдө адабияттын системалуу курсунун ролу чоң экендиги талашсыз. Тагыраак айтканда, окуучу ар бир жанрдын кандай өзгөчөлүгү бар экендигин толук баамдап түшүнгөн күндө да, анын кайсы мезгилде, адабияттын кайсы этабында жаралганын билбесе, ал жанр окуучу тарабынан терең өздөштүрүлгөн болуп эсептелбейт.

Адабий процессте жанрлар жаралыш доорлорунда гана айырмаланбастан, коомдук турмуштун өнүгүшүнө ылайык ар бир он жылдык этапта да жаңыланып турарын окуучулар дал ушул адабияттын тарыхын үйрөнүү курсунда гана биле ала турганын адабиятты орто мектепти окутууда аз-аз тажрыйбасы бар мугалим да толук түшүнүп турат.

Мындан тышкары, адабияттын тарыхын үйрөнүү курсу сүрөткердин – акындын, жазуучунун, драматургдун турмуштагы тигил же бул проблеманы кандай көркөм жалпылаштырып чечкенин, кандай типтүү образдарды кандай мезгилде кайсы турмуштук кырдаалда ачып көрсөткөнүн, каармандардын ички жана тышкы карама-каршылыктарын кандай реалдуу турмуш-тиричиликтик деталдар менен бере алганын, тарыхый доорду жана социалдык чөйрөнү кайсы образдын кандай касиеттери аркылуу типтүү образга айландырганын бир жанрдын чегинде да айырмалап үйрөтүүгө тийиш. Адабияттын системалуу курсунда бирден-бир өзөктүк линия катары турган маселе болуп көркөм образ проблемасы саналат. Бул тууралуу В.В.Голубков: “И наконец, что особенно важно для истории литературы как человековедения – это метод ее изучения, очень действенный для познании жизни: метод сравнения, систематического сопоставления литературных явлений. Писатели сопоставляются по исторической и социальной обстановке, в которых они живут и действуют, по мировоззрению и творческому методу, по проблемам, какие они разрешают и т.д.” “Особенно существенное значение имеют и для писателя, и для читателя сопоставления характеров” [1].

Адабияттын системалуу курсунда окуучулар элдик оозеки чыгармаларда эпостук каармандардан, элдик поэмалардагы көркөм образдардан элдин ошол доордо жашаган сүрөткерлердин көркөм образга мамилесинен улам ар биринин дүйнө таанымын, турмуш окуяларынын сүрөттөө чеберчилигин, адамдын жан дүйнөсүн аңдаштыруу бөтөнчөлүгүн, каарманды ачуудагы деталдарды тандоо касиеттерин жана белгилүү чыгармадагы оң-терс образдардын көркөм чечилишинен турмушта, акыл-эске таянган көркөм-эстетикалык принциптерин аныктоого жетише алышат. Мисалга, XIX кылымдагы акындар чыгармачылыгын алсак, Токтогул, Тоголок Молдо, Калык, Барпылар дүйнө таанымы боюнча материалисттик көз караште туруп, өз чыгармаларында көркөм образ жаратууда материалисттик ой жорумдардан кескин бөтөнчөлөнүп турат. Ал эми Жеңижок, Ысак Шайбеков сыяктуу сүрөткерлер өз чыгармачылыгында экилтик көз карашка ээ болуу менен бирге, социалдык көрүнүштү, саясий-коомдук турмушту дал ошондой кош тараптуу мамиле менен ачып берүүгө аракеттенет. Мындай көрүнүш элдик оозеки чыгармачылыкта, XIX кылымдагы акындар чыгармачылыгынын тарыхында, байыркы жана орто кылымдагы орток кыргыз жазма адабиятында гана болбостон, XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхында, анын мезгилдүү этаптарында да кездешет. Дал ушундай, адабияттын тарыхындагы урунттуу учурларга, ар бир сүрөткердин образга карата мамилесине жалпылаштырып анализ берүүгө окуучулар орто мектептеги адабиятты окуу процессинде системалуу түрдө жогорку класстарда гана тааныша алышат. Адабияттын системалуу курсу адабияттын тарыхын, андагы белгилүү этаптарды жалпылаштыруу менен бүтпөйт. Ал жогоруда учкай аталган проблемаларды, максаттарды окуу жана окутуу процессинде адабияттын белгилүү бир доорунда же этабында көрүнүктүү роль ойногон айрым сүрөткерлердин чыгармаларын да ар түркүн аспектиде салыштырууга негиз түзөт. Мисалга профессионал адабияттын жаралышына негиз болгон 20-жылдардагы адабиятты алсак, андан К.Тыныстанов менен А.Токомбаев эпикалык чыгармаларындагы көркөм образдарды салыштырып, окуучулар эки сүрөткердин элдик оозеки чыгармачылыкка карата мамилесин, лирикаларындагы ар түркүн көрүнүштөргө карата аңдаштырууларын, прозадан С.Карачев менен К.Баялиновдун аңгеме, повесттериндеги образдардын иштелиштерин, драматургиядан М.Токобаев менен К.Жантөшевдин алгачкы драмалык чыгармаларынын бөтөнчөлүктөрүн ж.б. ар кыл жагдайларын айырмалап биле алышат. Ошондой эле

адабияттын системалуу курсу бир сүрөткердин бир нече чыгармасын салыштырууга, андай чыгармалардын жакшы жактары менен кемчиликтерин өз деңгээлинде анализдеп берүүгө жана ошол чыгармалардын кайсынысы адабияттагы көркөм дөөлөттөрдү калыптандырууга салым кошконун жеткиликтүү ажырата билүүгө шарт түзөт.

Адабияттын системалуу курсу адабияттын тарыхында анын өнүгүшү үчүн маанилүү роль ойногон белгилүү бир чыгарманы терең талдап, андагы сүрөткердин ой-максатын, чыгармадагы ар кыл каарманды салыштыруу аркылуу окуучулардын алдына турмуштун татаал кырдаалдарын туура жана так түшүнүүсүнө жардамдашат. Ырас, адабияттын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, кыргыз окурмандарынын толук таанып билүүсүнө сөзсүз зарыл болгон, окуучулар ар бир каарманын талдап үйрөнүүсү керек болгон чыгармалар кыргыз адабиятынын тарыхында арбын. Алардын ар бирин, андагы каармандарды салыштыруу менен сүрөткердин турмуштук окуяларга карата мамилесин, реалдуу болумушту көркөм чагылдыруусун гана билбестен, каармандардын жеке бөтөнчөлүктөрүн, мүнөзүндөгү артыкчылык жана кемчиликтерин, психологиялык жактан өсүп-өнүгүшүн да окуучулар адабияттын тарыхын үйрөнүү аркылуу терең аңдаштыра алышат. Анткени ар бир сүрөткер өзүнүн дүйнө таанымы, турмушу ар тараптуу көркөм аңдаштыруусу аркылуу чыгармада көркөм образды калыптандыра алат. Окуучулар адабияттын тарыхын үйрөнүү менен ошондой бир нече чыгарманы, бир же бир нече чыгармадагы көркөм образдарды салыштырып, өздөрүнө көркөм жалпылоо касиетин калыптандыра алышат. Чындыгында, окуучулар орто мектептин жогорку класстарында көптөгөн чыгармаларды системалуу курста окуп үйрөнүү аркылуу ар кыл жанрда жазылган, ар кандай ыкмада ачылган көркөм образды таанып билүү менен реалдуу турмушта кездешкен айлана-чөйрөсүндөгү адамдарды баалоого, алардын оң-терс касиеттерине туура баа берүүдө жетише алышат. Адабияттын системалуу курсу ар бир окуучуну турмушка, күндөлүк турмушка реалдуу анализ жасоого үйрөтөт. Адабияттын мындай максаты окуучулар үчүн төмөнкү класстардан эле башталат. Маселен, буга адабиятты окутуунун методикасы илими төмөнкүдөй жооп берет: “Таким образом, курс литературы представляет собой весьма сложную систему. А если учитывать первоначальное знакомство детей с литературой в детском саду и начальной школе и сведения, важное для изучения литературы, содержаюшиеся в программах ряда школьных предметов, то процесс литературного образования – это время стремительных и глубоких перемен в организме, в духовной жизни растущего человека, в его познавательной деятельности, в его отношении к действительности к людям, к школе. Тем необходимее в этой сложности, динамике, многообразно видеть целостность и единство. Адабияттын системалуу курсунун жогорку класстын окуучуларын турмушка, адам коомун таанып-билүүгө карата калыптандыруучу адабиятты окутуунун төмөнкү класстагы максат-милдеттеринен гана айырмалабастан, башка предметтерди окутуп үйрөтүүнүн максаттарынан да терең маанилүүлүгү менен бөтөнчөлөнүп турат. Тагыраак айтканда, адабияттын тарыхын үйрөнүү окуучуларга адабияттагы көркөм дөөлөттөрдүн жетишкендиктерин таанытып билдирүү менен, алардын эстетикалык табитин калыптандырат, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө үйрөтөт, асылдык маанисин туура аныктай алууга жетиштирип, искусствонун ички табиятын, спецификалык бөтөнчөлүктөрүн жеткиликтүү кабыл алууга жана бирин экинчисинен айырмалай билүүгө өсүп жеткидей шарт түзөт.

Адабияттын системалуу курсу окуучуларга адабият боюнча билим берүү менен бирге сөз өнөрүндөгү негизги артыкчылыкты, адам турмушун моралдык-эстетикалык жактан баалай билүү касиетин үйрөтүп, жогорку класстын окуучуларын адеп-ахлактык, эстетикалык ж.б. багыттар боюнча тарбиялоо максатын да өз мойнуна алат.

Эгерде окуучу адабияттын тарыхында көркөм-эстетикалык бийиктикке жеткен чыгармалардагы идеяларды туура түшүнүп, жеткиликтүү кабыл алган болсо, ал

турмуштагы көптөгөн окуяларга кайдыгер мамиле кыла албайт. Тагыраак айтканда, окуучу көркөм чыгарманы окуп, аны ошол эле доордогу башка чыгармалар менен салыштырып, ар түркүн чыгармалардагы ар кыл образдарга анализ жасоо менен бирге мугалимдин жетекчилик багытында жан дүйнөсүн толгоп, акыл калчап, руханий жактан аракеттенип бир чечим чыгарууга жетишет. Ал чечим окуучунун чоң турмушту кабылдоого карата алгачкы даярдыгы, идеялык-эстетикалык таянычы болуп калмакчы. Окуучу сергек чечимге жетип, туруктуу айкын көз карашка ээ болуш үчүн адабияттын системалуу курсуна кыйыр байланышкан дагы кошумча милдет-максаттар пайда болот.

Андай кошумча милдет-максаттар адабият сөз өнөнрү – искусство экендигине байланыштуу түшүндүрүлөт, б.а., адабият искусствонун бир тармагы катарында белгилүү деңгээлде сүрөт , живопись, музыка, ж.б. менен тыгыз байланышат. Маселен, адабияттын системалуу курсунда лирикага, обондуу ырларга байланыштуу музыкага кайрылууга аргасыз болсо, эпикалык чыгармалардагы пейзаждык сүрөттөөлөр мугалимдин сүрөт өнөрүнө кайрылуусуна аргасыздандарат. Жогорку класстын окуучуларына адабияттын тарыхын ошол доор, элдин тарыхы менен байланышкан конкреттүү чыгарманы окутууда мугалим аталган өнөрдүн түрлөрүн айкалыштыра түшүндүрүп, ар бир окуучунун жан дүйнөсүн ойгото алса, алар турмушту, ошондой эле чыгармадагы жазуучу тарабынан берилген көркөм талдоону терең түшүнүп, моралдык-эстетикалык жактан жетик жыйынтык чыгаруусуна көмөктөшкөн болуп саналат. Мугалим X-XI класстарда окуучуларга тарыхый-адабий курстун системасында адабияттын тарыхын үйрөтүүдө мына ушундай максат-милдеттерди толугу менен ишке ашырууга тийиш.

Адабияттар:

1. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. – М.: Учпедгиз, 1962.
2. Кыргыз адабиятынын программасы. // Эл агартуу, 1998, № 11-12.
3. Методика преподавания литературы. / Под. ред. З.Я.Рез. - М.: Просвещение, 1977.